«КАБЫЛ АЛЫНДЫ»
Жусуп Баласагын ат. КУУнун
Окумуштуулар кеңешинин
отурумунда
(2026-ж. 31.03 № 5 протокол )

«БЕКИТИЛДИ»
Окумуштуулар кеңешинин
торагасы, Жусуп Баласагын
атындагы КУУнун ректору
Чотоев Д.Т.
________________
«___»_____________ 2026-ж.

# ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНИН БОТАНИКАЛЫК БАГЫ ЖӨНҮНДӨ

# ЖОБО

БИШКЕК – 2026

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Мындан ары Ботаникалык бак аталган Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Ботаникалык багы (кыскача аталышы – КУУнун ботаникалык багы же Бак), КУУнун курамына кирип, окуу-илимий-өндүрүштүк түзүмдүк бөлүгү болуп саналат.

Ботаникалык бак студенттердин, магистранттардын, аспиранттардын жана окутуучулардын окуу, окуу-талаа жана илимий иштерин аткаруу, студенттерге окуу программасына ылайык табигый-илимий багыттагы практикалык сабактарды өткөрүү, ошондой эле КУУнун аймактарын жашылдандыруу иштерин жүргүзүү үчүн түзүлгөн.

1.2. КУУнун ботаникалык багы төмөнкү даректе жайгашкан: Бишкек ш., Манас проспектиси, 140.

1.3. Ботаникалык бак өз ишинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, мыйзамдар алдындагы ченемдик-укуктук актыларга, Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин ченемдик актыларын, КУУнун Уставын, КУУнун Окумуштуулар кеңешинин чечимдерин, КУУнун ректорунун буйруктары жана буйрутмаларын жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

1.4. Мамлекеттик тилде аталышы: Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Ботаникалык багы.

Кыскартылган аталышы: КУУнун ББ.

Расмий тилде аталышы: Ботанический сад Кыргызского национального университета имени Жусупа Баласагына.

Эл аралык аталышы: Botanical Garden of the Kyrgyz National University named after Jusup Balasagyn.

1.5. Жер тилкеси Фрунзе шаардык депутаттар кеңешинин аткаруу комитетинин 1946-жылдын 17-июлундагы №15 чечиминин негизинде КУУга берилген. Участок туруктуу (мөөнөтсүз) пайдалануу укугунда турат жана бул мөөнөтсүз (мөөнөтү көрсөтүлбөгөн) пайдалануу укугу 2007-жылдын 23-августунда жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо боюнча Бишкек райондук шаардык башкармалыгында Кыймылсыз мүлктүн бирдиктүү мамлекеттик реестринде катталган.

1.6. Ботаникалык бак биолог-адистерин комплекстүү даярдоону камсыз кылуу, ботаника жана ага байланыштуу дисциплиналар жаатында илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү, флораны жана анын айрым өкүлдөрүн сактоо жана изилдөө максатында түзүлгөн.

Ботаникалык бак биология факультетинин окуу пландарына, Жусуп Баласагын атындагы КУУнун ректоратынын тапшырмаларына ылайык окуу процессин камсыз кылат.

Ботаникалык бактын артыкчылыктуу багыттары болуп окуу процессин камсыз кылууга, биологиялык ар түрдүүлүктү сактоого, табигый жана маданий флоранын өсүмдүктөрдүн генофондун изилдөөгө жана байытууга, өсүмдүк ресурстарын сарамжалдуу пайдаланууга, ботаника, экология,

Сканировано с CamScanner

өсүмдүктөр дүйнөсүн коргоо, жашылдандыруу жаатындагы агартуучулук ишмердүүлүккө багытталган окуу, илимий-изилдөө, агартуу, илимий-өндүрүштүк иштин түрлөрү эсептелет.

**1.7. Ботаникалык бак төмөнкү функцияларды аткарат:**

а) тирүү өсүмдүктөрдүн коллекциялык жана экспозициялык фонддорун түзүү жана өнүктүрүү;

б) табигый биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо;

в) фундаменталдык жана колдонмо илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн КУУнун биологиялык жана башка факультеттеринин, башка ЖОЖдордун, мектептердин жана башка окуу жайлардын окуу базасын камсыздоо;

г) КУУнун аймагын жашылдандырууга багытталган өндүрүштүк-чарбалык иштер үчүн базаны камсыз кылуу.

1.8. КУУнун ботаникалык багы ачык топурактагы тирүү өсүмдүктөрдүн коллекциялык, эксперименталдык жана экспозициялык фондун, тирүү өсүмдүктөрдүн алмашуу фонддорун, үрөндөрдү ж.б.; гербарийди, ботаникалык иллюстрациялык коллекцияларды (бирге – ботаникалык коллекциялар), китепкананы, ошондой эле башка табигый илимий жана көркөм коллекцияларды, демонстрациялык материалдарды камтыйт, толуктайт жана өнүктүрөт. Ботаникалык бактын коллекциялары жана фонддору анын илимий, билим берүү жана маданий-агартуучулук ишмердүүлүгүнүн негизи болуп саналат.

Ботаникалык бак коллекцияларды түзүү функциясын аткарып, ошондой эле жаратылышты коргоо объектиси жана университеттин бир бөлүгү болуп саналат.

1.9. КУУнун ботаникалык багы өзүнүн функцияларын аткаруу үчүн материалдык чыгымдарга байланыштуу зарыл болгон чарбалык иштерди жүргүзөт.

## 2. Ботаникалык бактын укуктук абалы

2.1. Ботаникалык бак юридикалык жак болуп саналбайт, КУУнун мөөрү жана бланкы менен пайдаланат.

2.2. Ботаникалык бак өз ишин жүзөгө ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жана өз компетенциясынын чегинде Кыргызстандын жана чет өлкөлүк уюмдар жана ар кандай уюштуруу-укуктук формадагы ишканалар, ошондой эле жеке ишкерлер жана жеке адамдар менен Ботаникалык бактын функцияларын жүзөгө ашырууга байланышкан ар кандай маселелер боюнча ишкер байланыштарга жана кызматташууга укуктуу.

## 3. Ботаникалык бактын финансылык-чарбалык ишмердүүлүгү

3.1. Ботаникалык бакка КУУнун жыйынды балансына кирген мүлк бекитилген.

3.2. Ботаникалык бак илимий, чарбалык жана башка иш үчүн зарыл болгон мүлктү белгиленген тартипте алууга укуктуу.

Сканировано с CamScanner

3.3. Ботаникалык бак жашылдандырууда жана өндүрүштө кеңири пайдалануу максатында интродукцияланган өсүмдүктөрдү өндүрүштүк сыноо жана көбөйтүү үчүн эксперименталдык, чарбалык жана илимий базаларга ээ болушу мүмкүн.

3.4. Ботаникалык бак белгиленген тартипте ага берилген мүлктүн сакталышын, анын илимий-изилдөө жана башка иште натыйжалуу пайдаланылышын камсыз кылат.

3.5. Ботаникалык бактын каржыланышы төмөнкүлөрдүн эсебинен жүзөгө ашырылат:

а) КУУнун бюджеттик каражаттарынын эсебинен, бөлүнүп берилүүчү фонддун чегинде;

б) илимий-изилдөөчүлүк жана башка келишимдерди аткаруудан түшкөн каражаттардын эсебинен;

в) кайрымдуулук, демөөрчүлүк жана максаттуу салымдар, белектер жана ыктыярдуу кайрымдуулуктардын эсебинен;

г) гранттардын эсебинен;

д) илимий-агартуучу жана билим берүүчү иш-чаралардан (экскурсиялардан, лекциялардан, мастер-класстардан, квалификацияны жогорулатуу программасы боюнча сабактардан жана кошумча билим берүүнүн башка формаларынан) алынган каражаттардын эсебинен;

е) маданий-агартуу кызматтарын, ошондой эле маданият жана эс алуу чөйрөсүндөгү башка кызматтарды көрсотүүдөн алынган каражаттардын;

ж) ижара акысынан түшкөн каражаттардын эсебинен;

з) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактардан алынган каражаттардын эсебинен.

## 4. Максаттары жана милдеттери

Ботаникалык бактын ишмердүүлүгү төмөнкү максаттарга жетишүүгө багытталган:

4.1. Окуу, илимий-изилдөө, жаратылышты коргоо, маданий-агартуу жана өндүрүштүк-чарбалык иш-аракеттерди уюштуруу жана өткөрүү.

4.2. КУУнун аймагын көрктөндүрүү жана жашылдандыруу.

4.3. Ботаникалык бактын ресурстары студенттер, магистранттар, аспиранттар, илимий изилдөөчүлөр, ошондой эле табигый илимдер багытындагы студенттер үчүн практикалык сабактарды, окуу-талаа тажрыйбаларын, студенттердин талаа тажрыйбасын белгилөөсүн изилдөө үчүн арналган.

4.4. Ботаникалык бак окуу, илимий-изилдөө жана чарбалык иштердин төмөнкүдөй түрлөрүн жүзөгө ашырат:

- өсүмдүктөр дүйнөсүнүн биологиялык ар түрдүүлүгүн изилдөө жаатындагы иш;
- Борбордук Азиядагы жапайы жана маданий өсүмдүктөрдү интродукциялоо жана климатташтыруу боюнча иш-аракеттер;
- Экологиялык жана агрардык маселелерди чечүү боюнча иш алып баруу жана бул жааттагы жаңы технологияларды киргизүү;

Сканировано с CamScanner

- илимий-практикалык изилдөө иштерин жүргүзүү максатында атайын коллекцияларды, гербарийлерди, экспозицияларды, питомниктерди жана участкаларды түзүү боюнча иштер;

- экспедицияларды уюштуруу жолу менен тирүү өсүмдүктөрдүн коллекцияларын сактоо жана толуктоо жана Ботаникалык бактын питомниктеринде өсүмдүктөрдү өстүрүү;

- үрөн фондун түзүү, Ботаникалык бактын үрөндөрүн жана тирүү өсүмдүктөрүн ата мекендик жана чет өлкөлүк илимий мекемелер менен алмашуу;

- көчөт материалдарынын жана үрөндөрдүн атайын каталогдорун чыгаруу;

- дарак-бадал жана гүл-декоративдүү өсүмдүктөргө фенологиялык байкоолорду жүргүзүү жана изилдөө;

- кыртышты, аба жана суу чөйрөсүн жакшыртуу үчүн өсүмдүктөрдү пайдалануунун илимий негиздерин иштеп чыгуу, аларды эл чарбасына киргизүү, КУУнун аймактарын жашылдандыруу;

- илимий-изилдөө иштеринин натыйжаларын пайдалануу менен студенттер үчүн окуу-усулдук колдонмолорду иштеп чыгуу жана басып чыгаруу;

- Ботаникалык бактын базасында практикалык жана тажрыйбалык-эксперименттик сабактарды өткөрүү;

- табигый илимдер багытындагы студенттердин өндүрүштүк жана окуу-талаа практикаларын өткөрүү;

- курстук, дипломдук, магистрдик, илимий-изилдөө иштерин аткаруу үчүн изилдөөлөрдү жүргүзүү;

- Ботаникалык бак боюнча бардык каалоочулар үчүн окуу-таанышуу экскурсияларын, белгилүү окумуштууларды жана ишмерлерди тартуу менен лекцияларды өткөрүү.

## 5. Ботаникалык бактын структурасы

5.1. Ботаникалык бактын курамына административдик, илимий-көмөкчү персонал, штаттык ырааттамага ылайык Ботаникалык бактын ишин камсыз кылуучу башка кызматкерлер кирет. Кызматкерлер Бакта эмгек келишимдеринин же контрактардын негизинде иштешет, кызматтык нускамаларга ылайык өз милдеттерин аткарышат.

5.2. Ботаникалык бактын түзүмдүк бөлүктөрү секторлор жана топтор болуп саналат.

5.3. Тирүү өсүмдүктөрдүн коллекцияларын сактоо үчүн сектордун кызматкерлеринен тиешелүү коллекциялардын сакталышы жана өнүгүшү үчүн жооптуу кураторлор дайындалат. Кураторлун милдеттерине төмөнкүлөр кирет: коллекциянын учурдагы абалын уюштуруу, аны толуктоо, түрдүк (сорттук) таандыктыгын аныктоо, илимий документтештирүү, инвентаризациялоо жана тиешелүү маалыматтар базасын жүргүзүү, өсүмдүктөрдү этикеткалоо, өсүмдүктөрдү өстүрүүнүн агротехникалык

Сканировано с CamScanner

ыкмаларын иштеп чыгуу, фитосанитардык контролдоо, коллекцияны көрсөтүү ыкмаларын жана аны өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгууга катышуу. Кураторлор берилген коллекциялардын сакталышы жана өнүгүшү үчүн жоопкерчилик тартышат, КУУнун Ботаникалык багынын жана окумуштуулар кеңешинин жыйынында алардын абалы жөнүндө отчет беришет.

**6. Ботаникалык бактын ишмердүүлүгү жана иштеши**

**6.1. Тирүү өсүмдүктөрдүн коллекцияларын сактоо жана өнүктүрүү**

6.1.1. Ботаникалык бак өсүмдүктөрдү чогултуу саясатын иштеп чыгат жана өз ишинде анын жоболорун жетекчиликке алат.

6.1.2. Тирүү өсүмдүктөрдүн коллекцияларын сактоо жана толуктоо Ботаникалык бактын экспозицияларынын калыптанган структурасына ылайык жүргүзүлөт, бул жаңы тематикалык участокторду түзүүнү жокко чыгарбайт.

6.1.3. Коллекцияларды сактоо үчүн Ботаникалык бак питомниктердин системасын өнүктүрөт, бакта жаңы өсүмдүктөрдүн түрлөрүнө жана сортторуна сыноо жүргүзүлөт, андан кийин туруктуу экспозициялардын курамына киргизилет. Мында илимий, окуу жана эстетикалык аспектилер эске алынат.

6.1.4. Ботаникалык бактын өсүмдүктөрүн эсепке алуу бирдиктүү электрондук маалымат базасында жүргүзүлөт, ага кызматкерлердин бири коомдук башталышта жооп берет.

**6.2. Илимий жана билим берүү ишмердүүлүгү**

6.2.1. Ботаникалык бактын илимий иши артыкчылыктуу багыт боюнча жалпы биология жана экология жаатындагы илимий проблематика, ошондой эле ботаника жана ага байланыштуу дисциплиналар (интродукция жана акклиматизация, систематика, морфология, экология, география, генетика, селекция, өсүмдүктөрдү коргоо ж.б.), флораны же анын айрым өкүлдөрүн изилдөө, өсүмдүктөр дүйнөсүн сарамжалдуу пайдаланууну жана коргоону уюштуруу боюнча пландар менен аныкталат.

6.2.2. Илимий жана билим берүү ишинин алкагында Ботаникалык бак төмөнкүлөргө укуктуу:

а) илимий-изилдөө иштерди жүргүзүү, мамлекеттик же жеке уюмдар жана жеке жактар менен эл аралык, республикалык, ЖОЖдор аралык, факультеттер аралык жана башка кызматташтыктын алкагында гранттар, келишимдер боюнча иштерди аткаруу;

б) коллекциялык фонддорду толуктоо жана жаңы фонддорду түзүү, конференцияларга катышуу, иш тажрыйбасы менен алмашуу максатында илимий жана окуу-илимий тематика боюнча материалдарды чогултуу үчүн экспедицияларды уюштуруу жана кызматкерлерди иш сапарга жиберүү (иш сапарга жиберүү планына ылайык жана макулдашылган каржылоонун чегинде);

в) илимий экспертиза боюнча кызмат көрсөтүү (өз ыйгарым укуктарынын чегинде);

Сканировано с CamScanner

г) басма-полиграфиялык ишмердүүлүктү жүргүзүү: илимий жана илимий-популярдуу эмгектерди, каталогдорду, жол көрсөткүчтөрдү ж. б. басып чыгарууга даярдоо;

д) илимий, илимий-практикалык жана билим берүүчү конференцияларды, семинарларды, курстарды уюштуруу;

е) КУУнун биология факультетинин кафедраларына адистерди даярдоодо көмөк көрсөтүү. Бак КУУнун, башка ЖОЖдордун биология жана башка факультеттеринин профилдик кафедраларынын окуу процессин камсыздоого катышат;

ж) КУУнун Окумуштуулар кеңеши бекиткен кошумча билим берүү программалары боюнча сабактарды иштеп чыгууга жана өткөрүүгө.

6.2.3. Ботаникалык бак биология факультетинин, КУУнун башка факультеттеринин, ЖОЖдордун жана башка окуу жайлардын окуу практикаларын өткөрүү үчүн база катары кызмат кыла алат. Практика учурунда окутуучулардын жана студенттердин иштөө шарттарын уюштуруу Ботаникалык бактын кызматкерлеринин ичинен атайын дайындалган практика жетекчиси же биология факультетинин башка адиси тарабынан жүргүзүлөт.

6.2.4. Ботаникалык бактагы илимий жана билим берүү иштер Ботаникалык бактын, КУУнун биологиялык жана башка факультеттеринин окутуучулары, аспиранттары, магистранттары, студенттери жана окутуучулары Ботаникалык бактын илимий пландарына, кафедралардын окуу жана илимий пландарына, кызматкерлердин илимий кызыкчылыктарына ылайык ишке ашырылат жана ошондой эле мамлекеттик же жеке уюмдар, жеке адамдар менен илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүгө, чакырылган адистер менен келишим боюнча ишке ашырылат.

6.2.5. Ботаникалык бактын аймагында КУУнун башка факультеттеринин жана бөлүмдөрүнүн окуу жана илимий иштери Ботаникалык бактын башчысынын дарегине жазылган кайрылуулардын негизинде жүргүзүлөт.

6.2.6. Ботаникалык бактын аймагында башка илимий жана билим берүү уюмдарынын окуу жана илимий иши Ботаникалык бак менен түзүлгөн келишимдердин негизинде жүзөгө ашырылат.

6.2.7. КУУнун кафедраларынын жана факультеттеринин, ошондой эле башка илимий-билим берүү уюмдарынын жетекчилери алардын Ботаникалык бакта иш жүргүзгөн кызматкерлерин, аспиранттарын, магистранттарын жана студенттерин:

а) керектүү жабдыктар жана материалдар менен камсыз кылат;

б) окуу-илимий иштерге (чарбалык-эксплуатациялык чыгымдарды кошкондо) чыгымдарды каржылоону камсыз кылат;

в) кызматкерлеринин, аспиранттарынын, магистранттарынын жана студенттеринин Ботаникалык бакта болуу эрежелерин, ошондой эле коопсуздук эрежелерин, өндүрүштүк санитария эрежелерин жана жумуш ордуларындагы өрт коопсуздугунун эрежелерин сактоосуна жооптуу.

**6.3. Ботаникалык бакка баруу**

Сканировано с CamScanner

6.3.1. Ботаникалык бактын аймагына өтүү студенттик билеттер, КУУнун белгиленген үлгүдөгү туруктуу өткөрмөлөрү (КУУнун студенттери, магистранттары, аспиранттары, кызматкерлери үчүн), бир жолку өткөрмөлөрү (бактын конокторy үчүн) же билет боюнча (келүүчүлөр үчүн) Ботаникалык бак үчүн бекитилген жумуш убактысынын чегинде жүргүзүлөт.

6.3.2. Ботаникалык бакка кирүү режими, кирүү билеттеринин жана абонементтердин наркы, экскурсиялык тейлөөнүн, Ботаникалык бак тарабынан көрсөтүлүүчү башка кызматтардын наркы бекитилген баалардын прейскурантына ылайык болот.

6.3.3. Ботаникалык бакта эркин барууга мүмкүн болбогон участоктор жана жайлар бар, анын ичинде: коллекциялык, эксперименттик, лабораториялык жана чарбалык участоктор, кызматтык, кампалык, административдик жайлар ж.б. жогоруда аталган участокторго жана имараттарга Бактын администрациясынын кызматкерлеринин же өкүлдөрүнүн макулдугу жана коштоосу боюнча барууга болот.

6.3.4. Ботаникалык бактын администрациясынын буйругу боюнча аба ырайынын шарттарына, өсүмдүктөрдү коргоо боюнча пландуу иш-чараларга, потенциалдуу кооптуу жумуштарга, ошондой эле Ботаникалык бактын же бүтүндөй КУУнун атайын иш-чараларына байланыштуу кайсы имарат, участок же аймак болбосун эркин кирүү үчүн убактылуу жабык болушу мүмкүн.

6.3.5. Ботаникалык бактын администрациясы Бактын конокторуна (анын ичинде башка ботаникалык бактын, университеттердин кызматкерлерине, мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнө, журналисттерге, потенциалдуу демөөрчүлөргө ж. б.) акысыз кирүү укугун бере алат.

6.3.6. КУУнун студенттери, магистранттары, аспиранттары, кызматкерлери Бактын аймагына алар иштеген күндөрү жана сааттарда эркин өтүү укугунан пайдаланышат.

6.3.7. Ботаникалык бакка келгендер төмөнкү кирүү эрежелерин сактоого милдеттүү:

а) жолдон сырткары чыгууга, өсүмдүктөрдү терүүгө, жаныбарларга тамак берүүгө тыюу салынат;

б) пикник уюштурууга, от жагууга, сууга түшүүгө, жаныбарларды коё берүүгө тыюу салынат;

в) кызматкерлердин көрсөтмөлөрүн сөзсүз аткаруу.

**6.4. Бактын коомчулук жана ММК менен болгон байланышы**

6.4.1. Ботаникалык бактын коомчулук менен байланыш боюнча ишмердигинин негизги максаттары: ботаникалык бак, анын аймагы, тарыхы, коллекциялары жана профилдик ишмердүүлүгү жөнүндө коомчулукка маалымдоо, Ботаникалык бакты өнүктүрүү үчүн жагымдуу маалыматтык талаа түзүү; Бактын социалдык тармактардагы барактарын маалыматтар менен толтуруу жана жайылтуу; пресс-иш-чараларды уюштуруп, өткөрүү; Ботаникалык бакка келүүлөрдү көбөйтүү болуп саналат.

6.4.2. Коюлган максаттарды жана милдеттерди ишке ашыруу үчүн Ботаникалык бак жалпыга маалымдоо каражаттары, социалдык тармактар,

Сканировано с CamScanner

блогерлер, жарнамалык жана пиар-агенттиктер, жарнамалык-өндүрүштүк жана көргөзмө уюмдары ж.б. менен өз ара аракеттенүүгө, коомдук пикирге мониторинг жүргүзүүгө, Бактын сайттарында жана социалдык тармактарында анын өнөктөштөрүнүн жана демөөрчүлөрүнүн ишин чагылдырууга укуктуу.

**6.5. Бактын экологиялык саясаты**

6.5.1. Ботаникалык бак жагымдуу экологиялык чөйрөнү түзүүгө жана жаратылыш ресурстарын сактоого өбөлгө түзгөн заманбап экологиялык тренддерди кармануууга милдеттүү: сууну, электр энергиясын, жылуулук энергиясын үнөмдөөгө жана аяр мамиле кылууга, мүмкүн болушунча жеринде органикалык калдыктарды кайра иштетүүгө жана экинчи жолу пайдаланууга, жаныбарлардын жашоосу үчүн, анын ичинде канаттуулардын уя салуусу үчүн шарттарды түзүүгө жана аларды тартууга, пайдалуу курт-кумурскалар үчүн колдо болгон жана жасалма жашоо чөйрөсүн түзүүгө жана сактоого, өсүмдүктөрдүн инвазивдик жана адвентивдик түрлөрүн контролдоого, жамгыр суусун жыйноону жана экинчи жолу пайдаланууну уюштурууга, жаан-чачындын максималдуу топтолуп кармалышына жана сиңишин камсыз кылууга жана сууну канализацияга таштоону минималдаштырууга.

6.5.2. КУУнун Ботаникалык багы 6.5.1. пункттунда көрсөтүлгөн тажрыйбаларды көрсөтүүгө жана кеңири жайылтууга умтулат.

## 7. Ботаникалык бакты башкаруу

**7.1. Ботаникалык бактын башчысы**

7.1.1. Ботаникалык бактын ишин жетектөөнү КУУнун ректоруна түздөн-түз баш ийген Бактын башчысы жүргүзөт.

7.1.2. Ботаникалык бактын башчысы тиешелүү профилдеги жогорку билимге ээ болушу керек.

7.1.3. Ботаникалык бактын башчысы КУУнун ректорунун буйругу менен кызматка дайындалат жана бошотулат. Ботаникалык бактын башчысына эмгек акы төлөө, дем берүүчү мүнөздөгү төлөмдөрдүн өлчөмү жана дайындоо тартиби (сыйлыктар, үстөктөр ж.б.) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жана КУУда белгиленген тартипте регламенттелет.

7.1.4. Башчы Ботаникалык бактын ишинин бардык түрлөрүн уюштурууга жоопту, анын буйруктары Бактын бардык кызматкерлери жана Бакта иш жүргүзгөн кызматкерлер үчүн милдеттүү болуп саналат.

7.1.5. Башчы өзүнүн ишинде КР мыйзамдарын, КУУнун Уставын, ушул Жобону, ректордун жана анын иш багыттары боюнча орун басарларынын көрсөтмөлөрүн жана буйруктарын, кызматтык милдеттерди жетекчиликке алат.

7.1.6. Башчы КУУнун Окумуштуулар кеңешинде Ботаникалык бактын атынан чыгат, КУУнун башка бөлүмдөрүнүн жана тышкы уюмдардын алдында Ботаникалык бактын өкүлү катары чыгат.

Сканировано с CamScanner

7.1.7. Ботаникалык бактын штаттык ырааттамасын өзгөртүү боюнча, Ботаникалык бактын иши менен байланышкан келишимдерди түзүү жөнүндө КУУнун жетекчилигине сунуштарды киргизет.

7.1.8. Ботаникалык бактын кызматкерлерин кабыл алуу, бошотуу, которуу, сыйлоо жана Ботаникалык Бактын кызматкерлерине тартиптик жаза берүү боюнча КУУнун жетекчилигине сунуштамаларды берет.

7.1.9. Ботаникалык бактын кызматкерлеринин ишин илимий, окуу жана чарбалык иштердин планына ылайык уюштурат жана анын аткарылышын көзөмөлдөйт.

7.1.10. Башчы Ботаникалык бакты өнүктүрүүгө жана тейлөөгө бөлүнгөн материалдык баалуулуктарды пайдаланууну жана алардын сарпталышын тескейт.

7.1.11. Ботаникалык бактагы илимий, окуу, агартуу, жаратылышты коргоо жана чарбалык иш-чаралардын пландарынын аткарылышына, Ботаникалык бактын кызматкерлеринин эмгек процессин уюштурууга жооптуу.

7.1.12. Ботаникалык бактын өнүгүү пландарын иштеп чыгат.

7.1.13. Башчы убактылуу жок болгон учурларда КУУнун Ботаникалык багынын башкы адиси анын ордун убактылуу ээлейт.

7.1.14. Ботаникалык бактын штатына штаттык ырааттамага ылайык илимий, илимий-көмөкчү жана башка кызматкерлердин кызмат орундары кирет. Бактын кызматкерлеринин укуктары жана милдеттери КРнын колдонуудагы мыйзамдары, КУУнун Уставы, эмгек келишими жана кызматтык нускамалар менен аныкталат.

7.1.15. Ботаникалык бактын түзүмү жана штаттык ырааттамасы КУУнун ректору менен макулдашылат жана бекитилет.

## 8. Кызматташтык

8.1. Ботаникалык бак КУУнун бөлүмдөрү, башка жогорку окуу жайлары, илимий жана билим берүү уюмдары, дүйнөнүн ар кандай таандыктагы жана менчик формасындагы ботаникалык мекемелери, музейлер менен кызматташып, кыргыз жана эл аралык уюмдарга, ассоциацияларга, консорциумдарга ж. б. кире алат (мүчө боло алат).

8.2. Бактын кызматкерлери уюмдардын, ассоциациялардын, кесиптик топтордун, союздардын мүчөсү боло алышат, форумдарга, конференцияларга, симпозиумдарга катыша алышат, жана республикалык, чет өлкөлүк, эл аралык гранттарды, наамдарды, сыйлыктарды алууга көрсөтүлүүгө билдирме бере алат.

## 9. Ботаникалык бакты коргоо жана режими

9.1. Ботаникалык бактын аймагын коргоонун зарыл режимин жана натыйжалуу пайдаланууну камсыз кылуу үчүн ал зоналарга бөлүнөт:

а) экспозициялык зона, ага КУУнун администрациясы белгилеген тартипте барууга уруксат берилет;

Сканировано с CamScanner

б) илимий зона (коллекция, эксперименталдык участоктор, питомниктер), ага кирүү укугуна Ботаникалык бактын кызматкерлери жана администрациянын уруксаты боюнча башка мекемелердин адистери гана ээ;

в) административдик-чарбалык зона.

9.2. Ботаникалык бактын аймагында Бактын түздөн-түз милдеттерин аткаруу менен байланышпаган жана коллекциялык фонддорду, ландшафттык архитектура объекттерин, маданий мурас объекттерин сактоого коркунуч келтирген ар кандай ишке тыюу салынат.

9.3. Ботаникалык бакты кайтаруу атайын күзөт кызматтары тарабынан жүзөгө ашырылат.

9.4. Ботаникалык бактын бардык кызматкерлери аны кайтарууга активдүү жардам көрсөтүүгө милдеттүү.

9.5. Ботаникалык бактын режимин бузууга күнөөлүү адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жазык жана административдик жоопкерчиликке тартылат.

9.6. Ишканалар, мекемелер, уюмдар жана жарандар КР колдонуудагы мыйзамдарына ылайык Бакка келтирилген зыяндын ордун толтурууга милдеттүү.

## 10. Корутунду жоболор

10.1. Бул Жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү КУУнун Окумуштуулар кеңешинин жыйынында каралат.

10.2. Бул Жобо жана ага киргизилген бардык өзгөртүүлөр ал КУУнун Окумуштуулар кеңешинде кабыл алынган жана КУУнун ректорунун буйругу менен бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.

**ИШТЕП ЧЫККАН:**
**Жусуп Баласагын атындагы КУУнун Ботаникалык багынын башчысы, доцент** — **Донбаева Г.Ч.**

**МАКУЛДАШЫЛДЫ:**
**Жусуп Баласагын атындагы КУУнун Юридикалык бөлүмүнүн башчысы** — **Токтоналиев Р.К.**

Сканировано с CamScanner